**ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ УЮМДАР (МЕКТЕП, ГИМНАЗИЯ, ЛИЦЕЙ) ҮЧҮН**

**П Р О Г Р А М М А Л А Р**

# Т А Р Ы Х

## ДҮЙНӨ ТАРЫХЫ.
## КЫРГЫЗСТАН ТАРЫХЫ

**10–11-класстар**

*Кайра редакцияланып, 11-чыгарылышы*

*Кыргыз Республикасынын*
*Билим берүү жана илим министрлиги*
*тарабынан бекитилди*

**БИШКЕК – 2023**

**УДК 373.167.1:94**
**ББК 63.3(0) я721**
**Т22**

**ТҮЗҮҮЧҮЛӨР ЖАМААТЫ:**

**Жетекчиси:** ***М. К. Иманкулов,***
педагогика илимдеринин кандидаты, доцент,
Кыргыз билим берүү академиясынын социалдык-гуманитардык
билим берүү лабораториясынын башчысы.

***Ө. Ж. Осмонов, А. Б. Элебесова, А. С. Мырзакматова.***

**Рецензенттер:**
Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы
жалпы орто билим берүү уюмдарынын тарых мугалимдери;
Чүй облусунун Аламүдүн районундагы
жалпы орто билим берүү уюмдарынын тарых мугалимдери.

**Окуу программаларынын методикалык аппаратын даярдагандар:**

***А. Б. Элебесова,*** педагогика илимдеринин кандидаты,
Кыргыз Республикасынын Билим берүүсүнүн отличниги,
Кыргыз билим берүү академиясынын социалдык-гуманитардык
билим берүү лабораториясынын жетектөөчү илимий кызматкери;

***М. С. Эралиева,*** Кыргыз Республикасынын Билим берүүсүнүн отличниги,
Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы Азиз Салиев атындагы жалпы
орто билим берүү мектебинин директорунун окуу иштери боюнча
орун басары, тарых мугалими.

***Кыргыз билим берүү академиясынын Окумуштуулар кеңешинин 2023-жылдын 4-июлундагы № 5-отурумунун протоколунун чечими менен жактырылды.***

**ТАРЫХ: Дүйнө тарыхы. Кыргызстан тарыхы боюнча окуу программалары:** жалпы орто билим берүүчү уюмдардын (мектеп, гимназия, лицей) 10–11-класстары үчүн. – Кайра редакцияланып, 11-чыгарылышы. – Б., 2023. – 25 бет.

© КББА, Социалдык-гуманитардык
билим берүү лабораториясы, 2023.

# ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ

***Окуу программасы*** — окуу предмети боюнча милдеттүү түрдө өздөштүрүлүүгө тийиш болгон билимдердин, билгиликтердин жана көндүмдөрдүн мазмунун жана көлөмүн тастыктоочу, дүйнө таанымдын негизги идеяларын өздөштүрүү логикасын ачып берүүчү, темалардын ой жүгүртүүнү өнүктүрө тургандай ырааттуу берилишин, алардын бөлүмдөр, темалар жана окуу мезгили (окуу жылы, чейректер) боюнча бөлүштүрүлүшүн көрсөтүүчү ченемдик документ.

**Окуу программасын түзүүнүн негизги принциптери:**

- *уланмалуулук* — мурда өздөштүрүлгөн материалдан азыр өздөштүрүлүп жаткан жана кийин өздөштүрүлө турган материалдарга үзгүлтүксүз ырааттуу өтүү;
- өздөштүрүлүп жаткан көрүнүштөрдүн ортосундагы табигый байланыштарга туура келе тургандай *предметтер аралык байланыштар*;
- *идеялык-көз караштык* — окуу программасына киргизилген билимдердин окуучулардын руханий табитин жана илимий көз карашын калыптандыруу;
- окуучуларга илимий билимдердин негизинде таалим-тарбия берүүнүн *социалдык максаттарына ылайыктуулугу*;
- окуучулардын *чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү*;
- илимдин, техниканын жана маданияттын азыркы кездеги *жетишкендиктерине көңүл буруу*;
- *жөнгө салуучулук же уюштуруучулук-методикалык* — мугалимдин сабактарга даярдануу ишмердүүлүгүн (материалдарды, окутуу технологияларын жана методдорун, сабактын тибин жана түрүн тандоо) жана окуучунун окуу ишмердүүлүгүн (предметти класста жана/же үйдө өздөштүрүүнүн мүнөздөрүн аныктоо) уюштуруу.

Түзүүчү-авторлор окуучуларды тарых илими менен тарыхый таанымдын заманбап методологиясына негизделген академиялык илим катары тарыхты билүү — заманбап көп маданияттуу коомдо жашоо үчүн ар дайым актуалдуу экендигин көрсөтүүгө умтулушту. Тарыхты билбей туруп, адамзаттын маданий өнүгүү ыраатынын жана социалдык эстутумунун болушу эч мүмкүн эмес.

Тарых окуу китеби — тарыхый илимий билимдердин негиздери бериле турган, тарыхый түшүнүктөрдү жана терминдерди үйрөтө турган, тарыхый даталарды, аталыштарды жана ысымдарды билдире турган, ошонун натыйжасында окуучунун дүйнө таанымын өнүктүрүп-өстүрө турган илимий багыттагы чыгарма.

Окуу программалары окуучуларга Дүйнө тарыхы жана Кыргызстан тарыхы боюнча билимдердин жана билгиликтердин белгилүү бир өлчөмүнө ээ болуу мүмкүнчүлүгүн түзүүгө, ошондой эле: *«Биз кимбиз? Биз кандайча жаралганбыз? Биз кайсы багытты беттеп баратабыз? Бизди келечекте эмнелер күтүп турат?»* – деген сыяктуу эң маанилүү турмуштук суроолорго жооп издөөнүн үстүндө ой жүгүртүүгө багытталган.

Авторлорду бирдиктүү концепциялык топко бириктирген принциптүү позициялар төмөнкүлөр:

- тарыхый процесстин татаалдыгын жана көп кырдуулугун ачып көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берүүчү көп фактордуу өңүт; алардын ар биринин тигил же бул мезгилдеги артыкчылыктуу маанисин, Кыргызстандын жана башка өлкөлөрдүн тарыхый бурулуш учурларындагы өнүгүүсүнүн альтернативдүү мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтүү;
- мазмунунун окуучулардын патриоттук сезимдерин өнүктүрүүгө, жарандык сапаттарын, толеранттуу ой жүгүртүүлөрүн калыптандырууга багытталышы;
- тарыхый инсандардын тарыхый процесстин жүрүшүнө таасирин ачып көрсөтүүдө инсандык-психологиялык аспектилерге көңүл буруу;
- Кыргызстандын тарыхында болуп өткөн процесстерди жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдөгү ошондой көрүнүштөр менен салыштыруу; жалпы тарыхый тенденцияларды жана уникалдуу өзгөчөлүктөрдү көрсөтүү;
- окуучуларды Кыргызстандын тарыхы боюнча маанилүү суроолорго жоопторду өз алдынча изденүүгө багыттоо; орчундуу тарыхый маселелерге баа берүүдө өз позициясын түзүүгө багыттоо.

Авторлор Кыргызстандагы жана башка өлкөлөрдөгү адамдардын жашоо ыңгайларына, турмуш-тиричиликтерине, менталдуулугуна, маданий өнүгүүлөрүнө жана диний ишенимдерине көңүл буруу менен, алардын тарыхтагы ролун жана ордун комплекстүү мүнөздөөгө умтулушту. Программалардагы материалдар окуучулардын ар түрдүү тарыхый доорлордо адамдардын социумдагы, мамлекеттик жана коомдук турмуштагы, маданий жана диний тутумдардагы жана үй-бүлөдөгү өз ара мамилелеринде орду өзгөрүлө тургандыгы жөнүндө түшүнүктөргө ээ болушун шарттайт.

Окуу материалын өздөштүрүүдө цивилизациялык өнүгүүнү, тарыхый окуяларды жана процесстерди, маданияттарды жана тарыхый инсандарды салыштыруу методун колдонуу окуучуларды фактылык материалга талдоо жүргүзүүгө, тарыхый өңүттө салыштыра билүүгө жана алардын негизинде белгилүү бир корутундуларды чыгарууга үйрөтөт. Ошондуктан тарых предметин синхрондоштурулган, салыштырмалуу тарыхтын контекстинде окутуу сунушталат, анткени ал заманбап тарыхый ой жүгүртүүнүн маанилүү шарты болуп саналат.

**Тарыхты окутуунун таалим-тарбиялык максаттары жана милдеттери:**

- Тарыхтын илим жана окуу предмети катары гуманитардык жалпы билим берүү системасындагы ордун жана ролун түшүнүүнү камсыз кылуу;
- Тарыхый процесстин мүнөздүү жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүн өздөштүрүү;
- Дүйнөнүн, чөлкөмдүн жана Ата Мекендин тарыхый өнүгүүсүнүн жалпылыгын жана өзгөчөлүктөрүн үйрөтүү;
- Тарых курсунун потенциалын окуучулардын инсандык жана жарандык сапаттарын калыптандыруудагы, Кыргызстандын жараны сезимин тарбиялоодогу эң маанилүү каражат катарында ачып көрсөтүү;

- Окуучулардын адамзат тарыхынын ар кайсы этаптарынын жалпы дүйнөлүк тарыхый процесстин бир бөлүгү катарындагы мүнөздүү өзгөчөлүктөрү жөнүндө түшүнүктөрүн калыптандыруу;
- Окуучуларды адамзат тарыхынын маданияттар аралык коммуикациялар үчүн баалуу болуп саналган актуалдуу маселелерге карата (адамдын жана адамзат коомунун пайда болушу, адамзаттын алгачкы коомдон тартып заманбап маалыматтык цивилизацияга чейинки эволюциясы, адамзат тарыхында мамлекеттин ролу жана өзгөчөлүктөрү ж.б.) заманбап илимий көз караштар менен тааныштыруу;
- Окуучуларды тарыхый түшүнүктөрдү айырмалап өздөштүрүүгө үйрөтүү («цивилизация», «эволюция», «мамлекет», «маданият» ж.б.);
- Негизги дүйнөлүк диний системалар менен тааныштыруу;
- Адамзат тарыхындагы коомдук түзүмдөрдөгү, социалдык турмуштагы жана адамдардын мамилелериндеги өзгөчөлүктөрдү ачып көрсөтүү;
- Адамзат тарыхынын өнүгүү этаптарындагы бийликтин жана менчиктин мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүү;
- Коомдук түзүлүштүн жана укуктун демократиялык формаларынын калыптануусун сыпаттап түшүндүрүү;
- Тарыхый окуялардан сабак алууга, улам жаңы көрүнүштөрдү чыгармачылык менен изденүүгө, ой жүгүртө билүүгө көнүктүрүү;
- Тарыхый тажрыйбаны сын көз караш менен баалай билүүгө, мыйзам ченемдүүлүктөрдү, өткөндү жана учурдагыны терең өздөштүрүү жана салыштырып изилдөө аркылуу келечекти көрө билүүгө умтулдуруу;
- Тарыхтын маани-маңызын, материалдык жана рухий дүйнөнүн, экономиканын жана саясаттын өнүгүүсүндөгү өзгөрүүлөрдү жана дүйнө элдеринин өз ара байланыштарындагы жалпылыктарды жана айырмачылыктарды аныктай билүүгө үйрөтүү;
- Цивилизациялардын, алардын калыптанышынын, өнүгүшүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана башкы багыттарын окутуп үйрөтүү;
- Өткөөл доордо адамдар коомдук өнүгүүнүн айрылыш жолдоруна кабыларын, алардын ичинен туура жолун тандоо мүмкүнчүлүгү болорун аңдап билүүгө үйрөтүү;
- Ата Мекендик жана дүйнөлүк маанидеги көрүнүктүү тарыхый ишмерлердин өмүр баяндары, тарыхый салымдары менен тааныштыруу;
- Өткөөл мезгилде тарыхый инсандардын: мамлекеттик жана саясий ишмерлердин, аскер башчылардын, окумуштуу ойчулдардын ролу кескин өсөрүн өздөштүрүү;
- Улуу инсандардын мисалында улуттук түпкү кызыкчылыктарды жеке кызыкчылыктардан жогору коюуга тарбиялоо, Мекен үчүн, өз элинин бакыбат жашоосу жана жаркын келечеги үчүн кызмат кылууга даярдоо;
- Улуттук өзгөчөлүктөгү аң-сезимди, сыймыктанууну, ар-намысты калыптандыруу жана өнүктүрүү, өлкөнүн коомдук-саясий турмушундагы олуттуу окуяларга жоопкерчиликтүү мамиле жасоого үйрөтүү;
- Эл биримдигин жана ынтымагын чыңдоого, мамлекеттүүлүктүн маанисин, барк-баасын билүүгө, аны көздүн карегиндей сактоого үйрөтүү;

- Жалпы адамзатка таандык баалуулуктарды өздөштүрүү; аларды улуттук каада-салттар, үрп-адаттар менен айкалыштыра билүүгө үйрөтүү;
- Ар кайсы цивилизациялардын маданий, социалдык-экономикалык жана саясий мурастарынын маани-маңыздарын ачып көрсөтүү.

**Бүтүрүүчүнүн тарыхый даярдыгына карата коюлуучу талаптар:**

- Тарых сабагы, аны окуп үйрөнүүнүн зарылдыгы, турмуштук мааниси, негизги ыкмалары тууралуу түшүнүктөргө ээ болуу;
- Тарыхтын жыл эсебин, тарыхый өнүгүүнүн негизги этаптарын орчундуу тарыхый окуялардын негизинде мезгилдерге бөлүштүрүүнү үйрөнүү, хронология, археология, этнография, оозеки жана жазуу жүзүндөгү тарыхый булактар, санжыра, уламыш баяндар, мифтер жөнүндө түшүнүк алуу;
- Тарыхый жана саясий карталар боюнча өз алдынча иштөөнү үйрөнүү;
- Мамлекеттердин типтери, түрлөрү, формалары жөнүндө, мамлекеттик атрибуттар — белги, символдор (аймагы, калкы, эгемендүүлүгү, герби, туусу, урааны), социалдык-экономикалык абал, саясий кырдаал, реформалар жөнүндө билимдерге ээ болуу;
- Көз карандысыздык үчүн улуттук-боштондук күрөштөр жана революциялар жөнүндө түшүнүктөргө ээ болуу;
- Эл аралык ынтымактын, мамлекеттер ортосундагы кызматташтыктын коомго пайдалуулугуна, жоолашып касташуунун, согуштардын адамзатты орду толгус жоготууларга дуушар кылуучу кесепеттүүлүгүнө ынануу;
- Тарыхый өнүгүүнүн ар кайсы баскычтарындагы аймактык бирдиктерди (ном, провинция, уезд, губерния, аймак, район, облус, фан, фема, вилайет ж.б.), аралык, салмак чен-өлчөмдөрүн, акча-тыйындардын аталыштарын билүү;
- Отурукташкан жана көчмөн элдердин дүйнөлүк цивилизацияга кошкон салымдарын аныктай билүү, элдердин жер которууларынын, Улуу Жибек жолунун, Улуу географиялык ачылыштардын тарыхый маанисин, ички жана тышкы миграциянын күчөшүнүн себептерин билүү.

Окуу программалары мугалимдерге окуучулардын адамзат тарыхы боюнча базалык билимге ээ болуусун камсыз кылуучу билим берүү процессин уюштурууга, зарыл болгон предметтик жана жалпы таалим-тарбиялык билгиликтерин жана көндүмдөрүн калыптандырууга предметтик талаптарга ылайык жардам берет.

Тарых предметин окутууда тарыхый маалыматтарга сынчыл көз караш менен комплекстүү талдоо жүргүзө билүү, системалаштыра жана издене билүү, ар кандай типтеги тарыхый документтер менен иштей билүү тажрыйбасына ээ болуу маанилүү болуп саналат. Мындай көндүмдөргө ээ болуу адамдын тарыхый ой жүгүртүүгө, орчундуу маселелер боюнча көз караштарды салыштыра билүүгө, өзүнүн өткөн доорлордогу жана азыркы кездеги дискуссиялык маселелерге карата мамилесин негиздүү түрдө аныктай билүүгө жөндөмдүүлүгүн тастыктайт.

Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүү системасынын биринчи — башталгыч билим берүү — баскычында өтүлүүчү «Кыргыз тили жана окуу» жана «Мен жана дүйнө» предметтерин өздөштүрүүдө окуучулар

Кыргызстан тарыхы жөнүндө алгачкы маалыматтарды алышат. Ал эми экинчи жана үчүнчү баскычтарда Дүйнө тарыхы жана Кыргызстан тарыхы курстары концентрдик принцип боюнча окутулат. Биринчи концентрде 5–9-класстардын программмалык материалдары окутулат.

Экинчи концентрде (10–11-класстар) окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша окуу материалынын мазмунун илимий багыт берүү менен окутуу керек. 10-класста биринчи жарым жылдыкта — Дүйнө тарыхы: урунттуу учурлар (байыркы доордон тартып XIX кылымдын ортосуна чейин), экинчи жарым жылдыкта — Кыргызстан тарыхы урунттуу учурлар (байыркы доордон — XIX кылымдын ортосуна чейин), 11-класста биринчи жарым жылдыкта — Дүйнө тарыхы: урунттуу учурлар (XIX кылымдын ортосунан биздин күндөргө чейин), экинчи жарым жылдыкта — Кыргызстан тарыхы: урунттуу учурлар (XIX кылымдын ортосунан — биздин күндөргө чейин) окуу китептери өздөштү рүлөт.

Тарых предмети Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан сунуш кылынган окуу китептери боюнча окутулат.

2022/2023-окуу жылында олимпиадалар Кыргызстан тарыхы жана Дүйнө тарыхы курстарынын негизинде өткөрүлөт.

**Базистик окуу планына ылайык, 2023/2024-окуу жылы үчүн сааттардын бөлүштүрүлүшү:**

| № | ОКУУ КИТЕБИ | 10-класс | 11-класс |
|---|---|---|---|
| | | 32/36 | 32/36 |
| **1.** | Дүйнө тарыхы: урунттуу учурлар (байыркы доордон тартып XIX кылымдын ортосуна чейин) | | |
| | Кыргызстан тарыхы: урунттуу учурлар (байыркы доордон — XIX кылымдын ортосуна чейин) | | |
| **2.** | Дүйнө тарыхы: урунттуу учурлар (XIX кылымдын ортосунан биздин күндөргө чейин) | | |
| | Кыргызстан тарыхы: урунттуу учурлар (XIX кылымдын ортосунан — биздин күндөргө чейин) | | |
| | **ЖАЛПЫ:** | **68** | **68** |

## 10-класс

# Т А Р Ы Х

### I БӨЛҮК.
### ДҮЙНӨ ТАРЫХЫ: УРУНТТУУ УЧУРЛАР
### (байыркы доордон тартып XIX кылымдын ортосуна чейин)

***(Жумасына 2 саат, жылына 32 саат)***

***1-сабак:* § 1. Киришүү. Тарых илими жөнүндө жалпы түшүнүк** *(1 саат)*

Тарых илими эмнени окутат. Тарыхый таанып билүүнүн функциялары. Тарыхтын негизги мезгилдерге бөлүнүшү. Жаңыча көз караштар.

### I бөлүм. АЛГАЧКЫ КООМ ДҮЙНӨСҮ

***2-сабак:* § 2. Алгачкы коом дүйнөсүнүн жаралышы** *(1 саат)*

Илим жана дин адамдын келип чыгышы жөнүндө. Байыркы адамдардын сөөктөрү боюнча адамдын биологиялык эволюциясын түзүү. Алгачкы коомдогу дин жана искусство. Аскадагы живопись. Жаңы таш доору жана «неолит революциясы».

### II бөлүм. БАЙЫРКЫ ЧЫГЫШ ЦИВИЛИЗАЦИЯЛАРЫ

***3-сабак:* § 3. Байыркы Египет мамлекети** *(1 саат)*

Байыркы Египет цивилизациясынын пайда болушу. Фараон — Египет өкүмдары. Фараон ордосундагы каада-салттар жана адеп-ахлак. Байыркы Египеттеги карапайым адамдардын жашоо-турмушу. Фараондордун согуштук жортуулдары. Байыркы Египет маданияты.

*4-**сабак:*** **§ 4. Байыркы Эки дарыя аралыгындагы мамлекеттер** *(1 саат)*

Эки дарыя аралыгынын орду, жаратылышы жана калкынын негизги кесиби. Байыркы Вавилон падышалыгы. Хаммурапинин мыйзамдары. Жрецтердин илимий ачуулары. Шынаа жазуусу (клинопись). Ассирия дөөлөтү.

**5-*сабак:* § 5. Чыгыш Жер Ортолук деңизи.**
**§ 11. Чыгыш Жер Ортолук деңизи эллинизм доорунда** *(1 саат)*

Палестина, Финикия жана Сирия: калкы, алардын кесиби. Шаарлардын гүлдөп-өнүгүшү. Дини. Эң байыркы алфавит, анын жазуунун өнүгүшүндөгү ролу жана мааниси.

Македониянын өсүп-өнүгүшү. Элладаны багындыруу. Александрдын чыгышка карай жортуулдары.

**6-*сабак:* § 6. Жаңы Вавилон падышалыгы жана Персия дөөлөтү**
*(1 саат)*

Жаңы Вавилон падышалыгынын түзүлүшү. Персия. Персия падышасы Улуу Кир II.  Дарий I — «падышалардын падышасы». Байыркы Ирандын дини.

***7-сабак:* § 7. Байыркы Индия** *(1 саат)*

Байыркы Индия: жаратылыш шарттары, калкы жана анын негизги кесиби. Инди өрөөнүнүн эң байыркы шаар-мамлекеттеринин табышмактуу сырлары (Мохенжо-Даро жана Хараппа). Индустарга арий урууларынын басып кириши. Байыркы Индиядагы касталар. «Махабхарата» жана «Рамаяна». Ведалар.

***8-сабак:* § 8. Байыркы Кытай мамлекети** *(1 саат)*

Кытай цивилизациясынын жаратылышы жана анын өзгөчөлүктөрү. Бирдиктүү Кытай мамлекети (Цин жана Хан династиялары). Диний философиялык окуулар. Конфуций жана Лао Цзы. Улуу Кытай дубалы. Байыркы Кытай маданияты.

## III бөлүм. БАЙЫРКЫ ГРЕЦИЯ ЖАНА РИМ ЦИВИЛИЗАЦИЯЛАРЫ

***9-сабак:* § 9. Байыркы Эгей дүйнөсү** *(1 саат)*

Эзелки падышалыктар (Крит жана Микены). Троя согушу. Гомер: «Иллиада» жана «Одиссея». Байыркы гректердин дини. Кудайлар жана баатырлар тууралуу мифтер.

***10-сабак:* § 10. Байыркы грек шаар-мамлекеттери** *(1 саат)*

Полистердин түзүлүшү жана полистик уюмдардын өзгөчөлүктөрү. Байыркы Афины. Демократиянын жаралышы. Солондун реформалары. Афины демократиясынын негизги белгилери. Байыркы Спарта. Грек колониялаштыруусу. Грек-перси согуштары.

***11-сабак:* § 12. Римдин негизделиши. Рим республикасы** *(1 саат)*

Римде падыша бийлигин кулатуу жана республиканы орнотуу. Римдин Италияны басып алышы. Рим республикасынын күч-кубатынын артышы. Пуни согуштары. Рим республикасындагы кулдардын көтөрүлүшү. Спартак. Юлий Цезардын алгачкы триумвираты. Рим республикасынын кулашы. Соңку Рим империясы. Рим империясынын кризиси жана кулашы.

## IV бөлүм. ОРТО КЫЛЫМДАР ТАРЫХЫ

***12-сабак:* § 13. Батыш жана Борбордук Европанын орто кылымдардагы цивилизацияларынын башаттары** *(1 саат)*

Феодалдык мамилелердин башаты. Эрте орто кылымдардагы жаратылыш жана адам. Этностук процесстер жана феодалдык бытырандылык. Христиан дини — орто кылымдардагы цивилизациялардын пайдубалы. Вассалдык система. Каада-салттар жана адеп-ахлак.

***13-сабак:* § 14. Элдердин Улуу көчү. Варвардык королдуктар (V–VII кк.)** *(1 саат)*

Европанын варвар элдери: кельттер, германдар жана славяндар Элдердин Улуу көчү доорунда. Батыш Рим империясынын кулашы жана варвардык королдуктардын түзүлүшү.

***14-сабак:* § 15. Батыш жана Борбордук Европа мамлекеттери. § 16. Византия жана православие дүйнөсү дүйнөлөрдүн жана цивилизациялардын тоомунда** *(1 саат)*

Франк мамлекети. Улуу Карл жана анын империясы. Викингдер доору. Британ мамлекеттеринин түзүлүшү. Алгачкы славян мамлекеттери.

Баштапкы Византия жана фемдик түзүлүш. Византия коомуна мамлекеттик көзөмөл. Византия феодализми. Византиялыктардын руханий дүйнөсү. Православие чиркөөсү. Византия маданияты.

***15-сабак:* § 17. Арабдарда исламдын жаралышы жана бекемделиши. Араб халифтиги** *(1 саат)*

Арабстан жарым аралынын ээлеген орду, жаратылышы жана калкы. Араб урууларынын биригишинин себептери. Ислам дини. Мухаммед пайгамбар. Араб халифтиги.

***16-сабак:* § 18. Орус жерлеринин феодалдык бытырандылыгы. Алтын Ордо үстөмдүгү. Москванын жогорулашы** *(1 саат)*

Орус дөөлөтү. Киев Русу. Феодалдык мамилелердин өнүгүшү. Саясий түзүлүшү жана тышкы саясаты. Русту чокундуруу. Үлүштөргө бытыроонун башталышы. Акылман Ярослав. «Орус правдасы». Рустун феодалдык бытырандылыгы жана анын өзгөчөлүктөрү. Алтын Ордо үстөмдүгүнүн орношу. Түндүк-батыш чектерди коргоо. XV к. борбордошкон Москва мамлекети. Иван Калита. Куликов салгылашы.

**Тестирлөө.**

***17-сабак:* § 19. Борбордук жана Орто Азия Орто кылымдарда** *(1 саат)*

Борбордук жана Орто Азияны мекендеген элдер. Түрк кагандыктары.

***18-сабак:* § 20. Классикалык Орто кылымдардагы Батыш Европа дүйнөсү** *(1 саат)*

Европа мамлекеттеринин коомдук-экономикалык өнүгүшү. Коомдун социалдык түзүмү. Батыш Европанын орто кылымдардагы саясий картасы.

***19-сабак:* § 21. Осмон империясы (Түркия)** *(1 саат)*

Осмон империясынын түзүлүшү. Осмон империясынын ички түзүмү. Осмон империясынын аскердик-лендик системасынын кризиси.

***20-сабак:* § 22. Феодалдык Кытай — асман алдындагы империя** *(1 саат)*

Үч падышалык доору жана Цзин империясы. Кытай империясынын күнүнүн бүтүшү. Юань жана Мин династиялары. Цин Кытайы, тышкы дүйнө.

***21-сабак:* § 23. Ыраакы Чыгыш: Корея жана Япония** *(1 саат)*

Кореядагы мамлекеттүүлүктүн калыптанышы. Корея соңку орто кылымдарда (Ли династиясы). Сёгундарга чейинки Япония (XII к. чейинки). Сёгундардын доорундагы Япония (XII–XIX кк.).

***22-сабак:* § 24. Орто кылымдардагы Индия** *(1 саат)*

Кушандар. Гупталар. Индиянын VI–XII кк. саясий тарыхы. Индиядагы мамлекет жана жамаат. Индия мусулман башкаруучуларынын бийлиги астында. Дели султандыгы (1206–1526). Түштүк Индиядагы XV–XVI кк. мамлекеттер.

***23-сабак:* § 25. Иран** *(1 саат)*

Сасани Ираны. Соңку орто кылымдардагы Иран. Сефеви мамлекети. Сефеви Ираны Аббастан кийин. Надир шах. Афгандар жана Дуррани империясы. Иран алгачкы кажар шахтарынын бийлиги астында.

***24-сабак:* § 26. Түштүк-Чыгыш Азия: Шри-Ланка (Цейлон), Индокытай өлкөлөрү жана аралдар дүйнөсү** *(1 саат)*

Шри-Ланка (Цейлон). Бирма. Тайланд (Сиам). Камбоджа. Лаос. Вьетнам. Малайя. Индонезия. Филиппин архипелагы.

## V бөлүм. ЖАҢЫ ДҮЙНӨ ЦИВИЛИЗАЦИЯЛАРЫ

***25-сабак:* § 27. Европа өлкөлөрүнүн экономикалык, социалдык жана саясий өнүгүшү. Реформация** *(1 саат)*

Улуу географиялык ачылыштардын натыйжалары. Англия — капиталдын алгачкы топтомунун классикалык мекени. Капиталдын алгачкы топтомунун булактары. Европада улуттук мамлекеттердин түзүлүшү. Реформация. Генрих IV. Абсолютизмдин чыңдалышы. Ришелье. Реформациянын тарапкерлери жана каршылаштары.

***26-сабак:* § 28. Европадагы буржуазиялык революциялар** *(1 саат)*

Нидерланддардагы буржуазиялык революция. Англиядагы буржуазиялык революция. Республиканын жарыяланышы. О. Кромвель. Улуу Француз революциясы (1789–1794). Улуу Француз революциясынын негизги жыйынтыктары жана тарыхый мааниси.

***27-сабак:* § 29. Россия жаңы доордун башында (XVI–XVIII кк.)** *(1 саат)*

Орус жерлерин бириктирүүнүн бүтүшү. XVI к. 50-жж. реформалар. Опричнина. Пётр Iнин падышалык доорунун башталышы. Россия Пётр Iнин тушунда. Мануфактуралык өндүрүштүн өнүгүшү. Соода-сатык. Акча реформасы. Россиянын Пётр Iнин көзү өткөндөн кийинки социалдык саясаты. Россиянын XVIII к. экинчи жарымы – XIX к. биринчи жарымындагы социалдык-экономикалык өнүгүшү. Административдик реформа. Ата Мекендик согуш. Декабристтер кыймылы.

***28-сабак:* § 30. Европа жана Түндүк Америка өлкөлөрү XVIII к. аягы – XIX к. ортосунда** *(1 саат)*

Улуу Британиядагы өнөр жай төңкөрүшү. Чартисттик кыймыл. Европадагы 1848–1849-жж. революциялар. Түндүк Америкадагы англиялык колониялар. Көз карандысыздык үчүн согуш. АКШнын түзүлүшү.

***29-сабак:* § 31. Европа өлкөлөрүндөгү Кайра жаралуу доорундагы илим жана искусство. Агартуу кыймылы** *(1 саат)*

Табият таануудагы революция. Кайра жаралуу доорундагы көркөм сүрөт өнөрү. Орус маданиятынын өнүгүшү.

***30-сабак:* § 32. Индия. Улуу Моголдор дөөлөтү** *(1 саат)*

Орто кылымдардагы Чыгыш мамлекеттеринин өнүгүү өзгөчөлүктөрү. Улуу Моголдор дөөлөтү. Англдар Индияда (XVIII к. – XIX к. ортосу).

***31-сабак:* § 33. Африка жана Латын Америкасы** *(1 саат)*

Африканын жаңы дүйнө мезгилиндеги саясий картасы. Европа өлкөлөрүнүн колониялык басып алуулары. Кул соодасы. XVIII к. аягындагы колониялык саясат. Басып алуучуларга каршы чыгуулар. Европа дөөлөттөрүнүн Латын Америкасындагы ээликтери. Колониялык коомдун экономикалык өнүгүшү. Боштондук күрөшү. Симон Боливар. Көтөрүлгөн элдердин жеңип чыгышы жана көз карандысыз мамлекеттердин пайда болушу.

***32-сабак:* Жыйынтыктап кайталоо. Тестирлөө** *(1 саат)*

**Негизги түшүнүктөр:**

<u>Байыркы дүйнө</u>: алфавит, аристократия, археология, буддизм, варна, демократия, демос, диктатура, жамаат, жаран, жрец, империя, ислам, каста, колон, мамлекет, мыйзам, полис, республика, тарыхый булактар, тирания, уруу, урук, фараон, философия, храм, христианчылык, цивилизация, эволюция, эллинизм, эстелик.

<u>Орто кылымдар</u>: вассал, гуманизм, еретик, инквизиция, каган, кагандык, конфуцийлик, кресттүүлөр, монархия, парламент, самурайлар, сёгундук, синтоизм, феодализм, «феодалдык шаты», хандык.

<u>Жаңы мезгил</u>: абсолютизм, диктатура, диний согуш, жарандык коом, империя, капитализм, колония, консититуция, конституциялык монархия, мануфактура, контрреформация, өнөр жай төңкөрүшү, протекторат, протестанттык, реагрардык реставрация, реформа, төңкөрүш, укуктук мамлекет, фабрика, формация, экспансия.

**Автор-түзүүчүлөр:**
***Ө. Ж. Осмонов, А. Б. Элебесова.***

## II БӨЛҮК.
## КЫРГЫЗСТАН ТАРЫХЫ: УРУНТТУУ УЧУРЛАР
## (байыркы доордон — XIX кылымдын ортосуна чейин)

***(Жумасына 2 саат, жылына 36 саат)***

***1-сабак:* § 1–2. Киришүү. «Манас» эпосу — Кыргызстан тарыхынын көөнөргүс булагы** *(1 саат)*

«Манас» эпосу жана анын мааниси. «Манас» эпосунун жаралышы жана анын өнүгүү доору. Эпосто кыргыз элинин турмушунун чагылдырылышы. «Манас» эпосунун варианттары.

***2-сабак:* § 3–4. Кыргызстандын аймагындагы таш жана коло доорлору** *(1 саат)*

Таш доорунун пайда болушу. Таш куралдары. Жаңы таш доору. Энеолиттин пайда болушу жана анын негизги белгилери. Коло доору жөнүндө түшүнүк. Андрон маданияты. Саймалы-Таш байыркы сүрөт галереясы. Андрон маданиятына тиешелүү көчмөн цивилизациясынын эстеликтери. Чуст маданияты. Ош тургун жайы.

***3-сабак:* § 5. Сак уруулары жана алгачкы мамлекеттер** *(1саат)*

Сактар дүйнөлүк тарыхта. Хунндардын мамлекети. Усун мамлекети. Дабан мамлекети.

***4-сабак:* § 6. Байыркы кыргыздар** *(1 саат)*

«Кыргыз» этнониминин биринчи оозго алынышы. Уламыштар кыргыздар жөнүндө. Илимий божомолдор. Кыргыздардын байыркы ата журту. Байыркы кыргыздардын Хунн дөөлөтүнө баш ийиши. Кыргыздар б.з.ч. I к. биринчи жарымында. Кыргыздардын алгачкы көз карандысыз мамлекети. Кыргыздар б.з. I–V кк.

***5–6-сабактар:* § 7–8. Түрк кагандыктарынын доору** *(2 саат)*

Улуу Түрк кагандыгынын түзүлүшү жана күч алышы. Батыш Түрк кагандыгы. Аймагы жана коомдук түзүлүшү.

Түргөш кагандыгы. Саясий абалы. Карлуктардын мамлекети. Атлах салгылашы.

***7-сабак:* § 9. Кыргыздардын Борбордук Азиядагы үстөмдүк үчүн күрөшү** *(1 саат)*

Барсбек — Кыргыздардын каганы. Барсбектин тышкы саясаты. Эрен-Улуг. Кыргыздардын Чыгыш Түрк кагандыгына каршы күрөшү. Суңгадагы салгылаш. Кыргыздардын жеңилиши.

***8-сабак:* § 10. Улуу Кыргыз дөөлөтү** *(1 саат)*

Кыргыздардын Уйгур кагандыгы менен тирешүүсү жана аны талкалашы. Улуу Кыргыз дөөлөтүнүн түзүлүшү. Ээлеген аймагы, мамлекеттик жана коомдук түзүлүшү. Улуу Кыргыз дөөлөтүнүн тарашы.

***9–10-сабактар:* § 11–12. Эне-Сай кыргыздарынын социалдык-экономикалык турмушу** *(2 саат)*

Чарбасы жана кесиби. Жазуусу. Орхон Эне-Сай жазуулары. Таластагы жазуу эстеликтери. Эне-Сай кыргыздарынын салт-санаасы.

***11-сабак:* § 13. Карахандар мамлекети. Кара-кытайлар жана наймандар** *(1 саат)*

Карахандар мамлекети. Сатук Абд аль-Керим. Мамлекеттин ээлеген аймагы. Коомдук-саясий түзүлүшү. Кара-кытайлардын мамлекети. Елүй Даши. Наймандар. Күчүлүк.

***12–13-сабактар:* § 14–15. Моңгол империясынын доору** *(2 саат)*

Чыңгыз хандын бийликке келиши. Моңголдордун эне-сайлык, алтайлык жана теңир-тоолук кыргыздарды басып алышы. Кыргыздар Чагатай улусунун курамында. Хайду мамлекети. Хайду хандын реформалары.

***14–15-сабактар:* § 16–17. Моголстан жана Амир-Темирдин мамлекети** *(2 саат)*

Моголстан мамлекети. Тоглук-Темир. Мавераннахр. Амир Темирдин империясы. Амир Темирдин Моголстанга жортуулдары.

Моголстандагы саясий кырдаал. Моголстандын экиге бөлүнүшү.

***16–17-сабактар:* § 18–19. Кыргыз элинин калыптанышы** *(2 саат)*

Этнос жөнүндө жалпы түшүнүк. Байыркы мезгилдеги жана Орто кылымдардагы Борбордук Азиядагы жана Теңир-Тоодогу этностук процесстер. Кыргыздардын 1994-жылдагы эл аралык илимий-тажрыйбалык конференциясынын мааниси.

***18–19-сабактар:* «Улуу Кыргыз дөөлөтү доорунун тарыхый мааниси»** деген темадагы семинар-сабак *(2 саат)*

***20-сабак:* Кайталоо. Тестирлөө** *(1 саат)*

***21–22-сабактар:* § 20–21. Кыргыз элинин коңшу элдер менен мамилеси (XV к. – XIX к. биринчи жарымы)** *(2 саат)*

Мухаммед Кыргыздын (Тагай бийдин) кыргыздарды бириктириши. Жуңгарларга каршы күрөш. Эшим хан. Манап бий. Көкүм бий. Жуңгар хандыгынын кыйрашы. Кыргыз-кытай мамилелери. Маматкул бий.

Кыргыз-казак чабыштары. Эр Садыр. Жайыл баатыр. Бишкек баатыр. Кенесарынын чабуулу. Ормон хан. Кыргыздардын Россия менен алгачкы байланыштары.

***23–24-сабактар:* § 22–23. Кыргызстан Кокон хандыгынын мезгилинде** *(2 саат)*

Кокон хандыгынын пайда болушу жана өнүгүшү. Кокон хандыгынын баскынчылык саясаты. Кубат бий. Ажы бий. Кокондуктардын Кыргызстандын түндүгүн басып алышы.

Кыргыз элинин Кокон хандыгынын баскынчылык саясатына каршы күрөшү. Тайлак баатыр. Эр Табылды. Кокон хандыгындагы ич ара чыр-чатактар. Хандыктын начарлашы.

***25–26-сабактар:* § 24–25. XVIII–XIX кылымдарда Кыргызстандын социалдык-экономикалык абалы** *(2 саат)*

Калкы. Феодалдык мамилелердин өзгөчөлүктөрү. Кыргыздардын көчмөн мал чарбачылыгы. Дыйканчылык. Аң уулоо. Кол өнөрчүлүк. Соода-сатык мамилелери.

***27–28-сабактар:* § 26–27. Кыргызстандын материалдык маданияты** *(2 саат)*

Материалдык маданият. Байыркы таш балбалдар. Кыргызстандын Орто кылымдардан калган архитектуралык эстеликтери. Таш-Рабатты иликтөө. Кошой-Коргон шаарчасы. Шах-Фазил күмбөзү. Шырдакбектин чеби. Кыргыздардын турак жайы. Кийим-кечеси.

***29-сабак:* § 28. Социалдык-философиялык ойлордун өнүгүшү** *(1 саат)*

Махмуд Кашгари-Барскани жана анын «Түрк тилдеринин сөздүгү».

Жусуп Баласагын жана анын «Кут алчу билим» чыгармасы. «Кут алчу билимдин» философиялык мааниси.

***30-сабак:* § 29. Кыргыздардын диний ишенимдери** *(1 саат)*

Исламга чейинки диний ишенимдердин сакталышы. Арбактарга сыйынуу. Ислам дининин таралышы.

***31–32-сабактар:* § 30–31. Элдик чыгармачылык** *(2 саат)*

«Манас» эпосу — элдик чыгармачылыктын туу чокусу. Кенже эпостор. Лирикалык ырлар. Эмгек ырлары. Ырым-жырым ырлары. Салт, үрп-адат, оюн ырлары. Элдик искусство. Колдонмо өнөрдүн өнүгүшү. Элдик музыка. Музыкалык аспаптар.

***33–34-сабактар:* «Менин мектебим үчүн тарыхый белегим»** деген темадагы көргөзмө-сабак *(2 саат)*

***35-сабак:* Жыйынтыктап кайталоо** *(1 саат)*

***36-сабак:* Тестирлөө** *(1 саат)*

***Негизги түшүнүктөр:*** арбактарга сыйынуу, аталык, аткаминер, Ашина, баатыр, бай, балбал, бек, бий, бойла, буддизм, буйрук, буркан, гипотеза, гуманист, гянь-гунь, датка, диван, жабгу, зекет, искусство, ислам, йарган, карахан, кут, күмбөз, кыргыз вазасы, Кыргыз жолу, кыштым, мавзолей, маданият, малай, манап, мандикер, мунара, орхон-эне-сай жазмасы, парваначы, санжыра, сарбаз, суфизм, теңирчилик, тотемизм, тул, түрк, Улуу Жибек жолу, Улуу Кыргыз дөөлөтү, үчтүк союз, сангун, тутук, таркан, түтүн, хасс-хажиб, христианчылык, чаа-тас, чайрыкер, чеп, шаман, эн тамга, эпитафия, этногенез, этнос.

**Автор-түзүүчүлөр:**
***Ө. Ж. Осмонов, А. С. Мырзакматова.***

## 11-класс

# Т А Р Ы Х

## I БӨЛҮК.
## ДҮЙНӨ ТАРЫХЫ: УРУНТТУУ УЧУРЛАР
## (XIX кылымдын ортосунан биздин күндөргө чейин)

***(Жумасына 2 саат, жылына 32 саат)***

### I глава. ДҮЙНӨНҮН АЛДЫҢКЫ ӨЛКӨЛӨРҮ XIX К. ЭКИНЧИ ЖАРЫМЫНДА – XX К. БАШЫНДА

***1-сабак:* § 1. XIX к. экинчи жарымындагы – XX к. башындагы Европа өлкөлөрүндөгү социалдык-экономикалык жана саясий өзгөрүүлөр, алардын тышкы саясатка тийгизген таасири** *(1 саат)*

Италиянын бириктирилиши. Германиянын бириктирилиши. Европанын индустриялаштырылышы. Экономикалык кризистер. Монополиялардын түзүлүшү.

***2-сабак:* § 2. Европанын XIX к. соңундагы – XXк. башындагы саясий жана социлдык өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрү** *(1 саат)*

Саясий өнүгүүсү. Социалдык түзүм. Демографиялык процесстер. Калктын жер ооштуруусу (миграциясы). Урбанизация. Агартуу. Турмуш-тиричилик.

***3-сабак:* § 3. Жумушчу жана социалисттик кыймыл** *(1 саат)*

Жумушчулардын социалдык укуктары үчүн күрөшү. 1871-ж. Париж Коммунасы. Жумушчулардын социалдык жеңип алуулары. Социалисттик кыймылдын башталышы.

***4-сабак:* § 4. Дин жана диний турмуш** *(1 саат)*

Христиан дини жана анын булактары. Католик чиркөөсү жана саясий турмуш. Ватикан собору. Католик чиркөөсүнүн жаңы шарттарга ыңгайлашуусу. Православиедеги жана протестант дининдеги жаңылыктар.

***5-сабак:* § 5. Европалык маданият** *(1 саат)*

Илимдин өнүгүшү. Адабият жана коомдук илимдер. Живопись.

***6-сабак:* § 6. XIX к. экинчи жарымындагы – XX к. башындагы аскердик саясий блоктор жана союздар** *(1 саат)*

1853–1856-жж. Чыгыш согушу жана Вена системасынын кыйрашы. 1882-ж. Үчтүктөр союзунун түзүлүшү. Россиянын Франция менен жакындашуусу. 1891–1893-жж. франк-орус союзу. Антантанын түзүлүшү. Дүйнөлүк биринчи согуш башталар алдында карама-каршылыктардын курчушу.

***7-сабак:* § 7. Америка Кошмо Штаттары (АКШ) XIX к. экинчи жарымында – XX к. башында** *(1 саат)*

АКШдагы Жарандык согуш (1861–1865). Реконструкция. Эконо-миканын жогорулашы. Ички саясат. Тышкы саясаттагы негизги багыттар. Маданий өнүгүү.

## II глава. ПАДЫШАЛЫК РОССИЯ: ФЕОДАЛДЫК МОНАРХИЯДАН БУРЖУАЗИЯЛЫК РЕСПУБЛИКАГА КАРАЙ

### *8-сабак:* § 8. Падышалык Россиядагы улуу реформалар жана пайдаланылбай калган мүмкүнчүлүктөр *(1 саат)*

Ички саясий багыттагы «жылуулук». Крепостнойлук укуктун жоюлушу. 1861-ж. 19-февралдагы реформаны дыйкандардын жана радикалдуу интеллигенциянын кабыл алышы. XIX к. 60–70-жж. реформалар. Революциячыл народниктик агымдын идеологиясы жана тажрыйбасы. Россиядагы «бейкут» жылдар. Коомдук-саясий турмуш жана жумушчу кыймылы.

### *9-сабак:* § 9. Падышалык Россиянын XIX к. экинчи жарымындагы тышкы саясаты. Россия империясы дүйнөлүк цивилизациялык процессте *(1 саат)*

Париж тынчтык келишиминин чектөөчүлүк шартынын алынышы. Орто Азияны басып алуу. Петербургдун Ыраакы Чыгыш саясаты. Россиянын Балкандагы саясаты. 1877–1878-жж. Чыгыш согушу. Александр IIIнүн тышкы саясаты. Россиянын ээлиги жана калкы. Өнөр жай өндүрүшү. Капиталдын киргизилиши. Монополиялардын түзүлүшү. Банк жана өнөр жай капиталынын бириктирилиши. Айыл чарбасынын абалы. Ички жана тышкы соода-сатык. Саясий түзүлүшү. Тышкы саясаты.

### *10-сабак:* § 10. Россиядагы коомдук-саясий кыймыл жана падышалык бийликтин кулашы *(1 саат)*

Саясий багытты иштеп чыгуу жана министрлердин атаандашуулары. Жалпы элдик кыймыл. Зубатовчулук. Земстволук жана «жаңы» либерализм. Саясий партиялардын пайда болушу. Биринчи орус революциясы. Революция менен согуштун ортосундагы думалык монархия. Чыгыш фронтундагы согуштук аракеттер. Тылды согуштук-экономикалык мобилизациялоо. Саясий кризистин бышып жетилиши.

## III глава. СЛАВЯН ӨЛКӨЛӨРҮ

### *11–12-сабактар:* § 11–12. Славян өлкөлөрү улуттук көз карандысыздык үчүн күрөштө *(2 саат)*

Польшадагы улуттук-боштондук кыймыл. Чехия жана Словакия XIX к. экинчи жарымында – XX к. башында. Болгария XIX к. экинчи жарымында – XX к. башында. Хорватия, Словения жана Воедина XIX к. экинчи жарымында – XX к. башында. Босния жана Герцеговина XIX к. экинчи жарымында – XX к. башында. Түштүк славян жерлери Осмон империясынын бийлиги астында. Түштүк славяндар дүйнөлүк биринчи согуш жылдарында.

## IV глава. ДҮЙНӨЛҮК СОГУШТАР

### *13-сабак:* § 13. Биринчи дүйнөлүк согуш *(1 саат)*

Согуштун башталышы. Согуштун жүрүшү. Компьен жарашуусу. Париж конференциясы. Версаль келишими. Вашингтон конференциясы.

***14-сабак:* § 14. Экинчи дүйнөлүк согуш** *(1 саат)*

Экинчи дүйнөлүк согуш башталар алдындагы тышкы саясат. Экинчи дүйнөлүк согуштун башталышы. Улуу Ата Мекендик согуштун башталышы. Япония. Экинчи дүйнөлүк согуштагы улуу бурулуш. Атлантика хартиясы. Экинчи фронт. Муссолининин өкмөтүнүн кулашы. Совет-герман фронтундагы бурулуш. Каршылык көрсөтүү кыймылы. Антифашисттик күчтөрдүн биригиши. Тегеран конференциясы. Экинчи дүйнөлүк согуштун соңку этабы. СССРдин тышкы саясаты.

## V глава. ЧЫГЫШ ЖАНА БОРБОРДУК АЗИЯ ӨЛКӨЛӨРҮ

***15-сабак:* § 15. Монголия. Кытай дөөлөтү. Сянган (Гонконг). Аомынь (Макао)** *(1 саат)*

Монголия. Маданияты. Кытай дөөлөтү жана анын тарыхындагы урунттуу учурлар.

***16-сабак:* § 16. Корея. Япония** *(1 саат)*

Кореядагы маанилүү тарыхый окуялар. Маданияты. Япониядагы маанилүү тарыхый окуялар. Маданияты.

**Тестирлөө**

## VI глава. ТҮШТҮК-ЧЫГЫШ АЗИЯ ӨЛКӨЛӨРҮ

***17-сабак:* § 17–18. Вьетнам. Лаос. Кампучия. Тайланд. Бирма** *(1 саат)*

Вьетнам Социалисттик Республикасы. Лаос. Маданияты. Кампучия. Маданияты. Тайланд королдугу. Маанилүү тарыхый окуялары. Маданияты. Бирма. Маанилүү тарыхый окуялары. Маданияты.

***18-сабак:* § 19. Малайзия. Сингапур. Бруней.**
**§ 20. Индонезия. Чыгыш Тимор. Филиппин***(1 саат)*

Малайзия Федерациясы. Маанилүү тарыхый окуялары. Сингапур Республикасы. Маанилүү тарыхый окуялары. Бруней султандыгы.

Индонезия. Маанилүү тарыхый окуялары. Маданияты. Балиликтер. Суматра калкы. Тимор. Филиппин Республикасы. Маанилүү тарыхый окуялары. Маданияты.

## VII глава. ТҮШТҮК-БАТЫШ АЗИЯ ӨЛКӨЛӨРҮ

***19-сабак:* § 21. Афганстан. Иран. Түркия** *(1 саат)*

Афганстан. Маанилүү тарыхый окуялары. Иран Ислам Республикасы. Маанилүү тарыхый окуялары. Түркия Республикасы. Маанилүү тарыхый окуялары.

***20-сабак:* § 22. Сирия. Ливан. Иордания. Ирак. § 23. Сауд Арабстаны. Йемен. Оман. Бириккен Араб Эмирлиги. Бахрейн** *(1 саат)*

Сирия Араб Республикасы. Ливан Республикасы. Маданияты. Иордан Хашимит Королдугу. Ирак Республикасы. Маданияты. Сауд Арабстаны. Маанилүү тарыхый окуялары. Ички айырмачылыктары жана шаарлары. Йемен

Республикасы. Маанилүү тарыхый окуялары. Оман султандыгы. Маанилүү тарыхый окуялары. Бириккен Араб Эмирлиги. Маанилүү тарыхый окуялары. Бахрейн мамлекети. Маанилүү тарыхый окуялары.

***21-сабак:*** **§ 24. Катар. Кувейт. Израил. Кипр** *(1 саат)*

Катар мамлекети. Кувейт мамлекети. Израил мамлекети. Кипр Республикасы. Маанилүү тарыхый окуялары.

## VIII глава. ТҮШТҮК АЗИЯ ӨЛКӨЛӨРҮ

***22-сабак:*** **§ 25. Индия. Пакистан. Бангладеш** *(1 саат)*

Индия Республикасы. Пакистан Ислам Республикасы. Бангладеш. Маанилүү тарыхый окуялары.

***23-сабак:*** **§ 26. Непал. Бутан. Шри Ланка. Мальдив Республикасы** *(1 саат)*

Непал королдугу. Бутан королдугу. Шри Ланка. Мальдив Республикасы. Маанилүү тарыхый окуялары.

## IX глава. АФРИКА ЖАНА ЛАТЫН АМЕРИКАСЫ

***24-сабак:*** **§ 27. Колониялык Африка. Латын Америкасында көз карандысыз мамлекеттердин өнүгүшү** *(1 саат)*

Колониялардын түзүлүшүнүн себептери. Африкадагы колониализм. Модернизациялоонун экономикалык жана социалдык-саясий аспекттери. Улуттук-боштондук кыймыл жана анын жогорулашы. Колониялык системанын кыйрашы. Руханий турмуштагы жана маданияттагы өзгөрүүлөр. Латын Америкасындагы өлкөлөрдүн өнүгүшү.

## X глава. ДҮЙНӨЛҮК СОЦИАЛИСТТИК СИСТЕМА

***25-сабак:*** **§ 28. Дүйнөлүк социалисттик система: жалпы мүнөздөмө** *(1 саат)*

Дүйнөлүк социалисттик системанын түзүлүшү. Чыгыш Европа өлкөлөрү. СЭВдин түзүлүшү. Монголия. Кытай. Вьетнам. Түндүк Корея. Куба Эл Республикасы. Лаос. Дүйнөлүк социалисттик системанын өнүгүү этаптары жана кулашы. Дүйнөлүк социалисттик системанын ички карама-каршылыктары. СЭВдин ролу. 1970-жж. абалдын оордошу. Польшадагы окуялар. Чыгыш Европадагы демократиялык революциялар.

***26-сабак:*** **§ 29. Совет мамлекетинин түптөлүшү, өнүгүшү жана тарашы** *(1 саат)*

Кош бийлик. Корниловдун козголоңу. Октябрь революциясы. Революциянын жүрүшү. Жарандык согуш. «Аскердик коммунизм» саясатынан жаңы экономикалык саясатка өтүү. СССРдин түзүлүшү. Мамлекеттик социализмди курууну тездетүү. СССРдин 20–30-жж. тышкы саясаты. СССРдин кулашы. Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги (КМШ).

## XI глава. СОҢКУ ДҮЙНӨЛҮК ӨНҮГҮҮ

***27-сабак:* § 30. XX к. дүйнөлүк экономикалык кризистер** *(1 саат)*

XX к. биринчи жарымындагы экономикалык кризистер. Мамлекеттик-монополиялык капитализмдин түзүлүшү. 1929–1933-жж. экономикалык кризис. Кризистен чыгуунун варианттары. XX к. экинчи жарымындагы экономикалык кризистер. Түзүмдүк кризистер. 1980–1982-жж. дүйнөлүк экономикалык кризистер. Антикризистик мамлекеттик жөнгө салуу.

***28-сабак:* § 31. Экономиканын интеграцияланышы. Үчүнчү илимий-техникалык революция** *(1 саат)*

Трансулуттук жана мамлекеттер аралык компаниялар. Батыш Европадагы интеграция процесстери. Европалык Союз жана Чыгыш Европа өлкөлөрү. Түндүк Америка өлкөлөрүндөгү интеграциялык процесстер. Башка региондордогу интеграция. Үчүнчү илимий-техникалык революциянын этаптары. ИТРдин жетишкендиктери жана натыйжалары. Постиндустриялуу цивилизацияга өтүү.

***29-сабак:* § 32. Капитализмдин үч борбору. Азыркы мезгилдин глобалдуу проблемалары** *(1 саат)*

АКШ. Батыш Европа. Япония. Капитализмдин дүйнөлүк үч борборунун карым-катнаш динамикасы. Азыркы доордун глобалдуу маселелери. Термоядролук согуш коркунучу. Жер шарынын байлыктарынын азайышы жана экология. Демографиялык фактор.

***30-сабак:* § 33. Соңку мезгилдеги эл аралык мамилелер** *(1 саат)*

«Кансыз согуштун» бүтүшү. Батыш Европа өлкөлөрүнүн мамилелери. Париж конференциясы. НАТОнун күч алышы. Бириккен Улуттар Уюмунун жана башка эл аралык уюмдардын ишмердүүлүгү.

***31-сабак:* Жыйынтыктап кайталоо** *(1 саат)*

***32-сабак:* Тестирлөө** *(1 саат)*

**Негизги түшүнүктөр:** абсолютизм, авторитаризм, агрессия, аннексия, «аскердик коммунизм», ассимиляция, большевик, геноцид, глобалдаштыруу, дворяндар, декабристтер, декларация, демилитаризация, декрет, демократия, деспотизм, диктатура, дин, доктрина, дыйкандар, жарандык согуш, жарашуу, жумушчу, «жылуулук», инвестиция, индустриялаштыруу, интервенция, «кансыз согуш», келишим, коллективдештирүү, коминтерн, коммунизм, конвенция, латифундия, ленинизм, либерализм, марксизм, межилис, меньшевик, милитаризация, модернизация, оппозиция, өндүрүш, өндүрүш каражаттары, панамериканизм, плебисцит, пролетариат, пролетариат диктатурасы, ратификация, революция, репарация, республика, реформа, соңку мезгил, сепараттык тынчтык, социализм, стратегия, таптар, таптык күрөш, тарыхый булактар, тоталитаризм, трактат, улутчулдук,тактика, унитардык мамлекет, федерация, цивилизация, эволюция, экономика, экспансия, этнос, этногенез.

**Автор-түзүүчүлөр:**
***А. Б. Элебесова, Ө. Ж. Осмонов.***

## II БӨЛҮК.
## КЫРГЫЗСТАН ТАРЫХЫ
### (XIX кылымдын ортосунан — биздин күндөргө чейин)
***(Жумасына 2 саат, жылына 36 саат)***

*1-сабак:* **Киришүү** *(1 саат)*

Курстагы негизги түшүнүктөр, окуялар жана жыйынтыктар. Падышалык бийликтин жана Совет өкмөтүнүн саясаттары. Эгемендүү Кыргызстан.

### I бөлүм. КЫРГЫЗСТАН РОССИЯ ИМПЕРИЯСЫНЫН ЖАНА СССРдин КУРАМЫНДА

*2-сабак:* **§ 1. Кыргызстандын Россияга каратылышы** *(1 саат)*

Түркстан Россиянын колониялык объектиси катары. Кыргызстандагы саясий абал жана кыргыз-орус мамилелери. Атаке баатыр. Кыргыз элчилеринин Россияга барышы.

*3-сабак:* **§ 2. Кыргызстандын түндүгүнүн Россияга каратылышы** *(1 саат)*

1840–1850-жж. Саясий кырдаал жана ысык-көлдүк кыргыздардын Россияга букаралыкка өтүшү. Чүйлүк жана таластык кыргыздардын Россияга букара болушу. Теңир-тоолук кыргыздардын Россиянын бийлигин кабыл алышы.

*4-сабак:* **§ 3. 1873–1876-жж. көтөрүлүш. Кыргызстандын түштүгүн Россиянын басып алышы** *(1 саат)*

XIX к. 60–70-жж. Кыргызстандын түштүгүндөгү коомдук-саясий абал. Алымбек датка. Элдик көтөрүлүштүн жүрүшү. Полот хан. Мамыр Мерген уулу. Кокон хандыгынын жоюлушу. Алайлык кыргыздарды Россияга каратуу. Курманжан датка.

*5-сабак:* **§ 4. Падышалык бийликтин колониялык саясаты** *(1 саат)*

Башкаруу системасы. Экономикалык абалы. Мал чарбасы. Падышалыктын салык саясаты. Дыйканчылык. Өнөр жайынын абалы. Калктын социалдык түзүлүшү.

*6-сабак:* **§ 5. Кыргызстандагы улуттук-боштондук күрөш** *(1 саат)*

Анжиян көтөрүлүшү. Мадали Дүкчү эшен. Зияддин Максым уулу. 1916-ж. көтөрүлүш. Кыргызстандын түндүгүндөгү көтөрүлүштүн өзгөчөлүгү. Канат хан. Көтөрүлүштүн басылышы жана тарыхый мааниси.

*7-сабак:* **§ 6–7. Кыргызстандын падышалык бийликтин мезгилиндеги маданияты. Маданий жаңылыктар** *(1 саат)*

Кыргыз элинин салттуу маданияты. Турак жайы. Кийим-кечеси. Каада-салттары. Элдик оозеки чыгармачылыктын өнүгүшү. Төкмө акындар. Кыргыздардын философиялык ой топтому. Жазуу маданиятынын өнүгүшү. Алгачкы

тарыхчылар жана агартуучулар. О. Сыдык уулу. Б. Солтоноев. К. Тыныстанов. И. Арабаев. Билим берүү. Саламаттыкты сактоо. Кыргызстандын тарыхый өнүгүүсүн илимий жактан изилдөөнүн башталышы.

***8-сабак:* § 8–9. Падышалык бийликтин кулашы. Совет бийлигинин орношу жана чыңдалышы** *(1 саат)*

Февраль революциясы Кыргызстанда. Кыргызстанда саясий уюмдардын түзүлүшү. «Алаш», «Шуро-и-Ислам», «Социал-Туран» партиясы. «Букара» союзу. К. Сарыкулаков. Алгачкы большевиктик уюмдар жана Советтер. Кыргызстанда Совет бийлигин орнотуу. Жарандык согуш. Совет бийлигин коргоо. М. В. Фрунзе. Я. Н. Логвиненко, А. Осмонбеков.

***9-сабак:* § 10–11. Совет бийлигинин алгачкы мезгилиндеги социалдык-экономикалык курулуш (1917–1940)** *(1 саат)*

Советтик агрардык саясаттын башаты. Жер-суу реформалары. Кооперациялар жана коллективдүү чарбалар. Жаңы экономикалык саясаттын шартындагы өнөр жайы. «Интергельпо». Айыл чарбасын коллективдештирүү. Көчмөн жана жарым көчмөн чарбаларды отурукташтыруу.

***10-сабак:* § 12–13. Совет мамлекетинин улут саясаты. Кыргыз мамлекетинин негизделиши жана өнүгүшү** *(1 саат)*

Улут маселесин чечүүдөгү алгачкы кадамдар. Качкын кыргыздардын мекенине кайтышы. Тоолуу Кыргыз облусун түзүү аракеттери. А. Сыдыков. Орто Азияны улуттук республикаларга бөлүү. Кара Кыргыз Автономиялуу облусунун түзүлүшү. Бийлик үчүн күрөш. «Отузчулардын» каты. Кыргыз Автономиялуу Республикасы. Кыргыз АССРинин биринчи Конституциясы. Кыргыз ССРинин жарыяланышы. Кыргыз Республикасынын экинчи Конституциясы.

***11-сабак:* § 14. Тоталитардык режимдин күчөшү. Массалык жазалоолор** *(1 саат)*

Административдик-буйрукчул системанын калыптанышы. Массалык жазалоонун башталышы жана жүрүшү.

***12-сабак:* § 15–16. Кыргызстандык жоокерлердин Улуу Ата Мекендик согуштагы эрдиктери. Тылдагы күжүрмөн эмгек** *(1 саат)*

Кыргызстандык жоокерлер алгачкы салгылаштарда. Панфиловчулар. Кыргызстандык жоокерлердин 1942–1943-жж. салгылаштарга катышышы. Кыргызстандык жоокерлер Улуу Ата Мекендик согуштун аяктоо мезгилинде. Согуш жылдарындагы өнөр жайы. Эвакуациялангандарды жайгаштыруу. Айыл чарбасынын фронт үчүн кызматы. Кыргызстандыктардын фронтко жалпы элдик жардамы.

***13-сабак:* § 17. Кыргызстандын Улуу Ата Мекендик согуштан кийинки экономикасын тынчтык нукка буруу жана өнүктүрүү (1946–1953)** *(1 саат)*

Кыргызстандын өнөр жайынын абалы. Айыл чарбасы: жетишкендиктер жана кемчиликтер. Калктын материалдык деңгээли.

***14-сабак:* § 18. Кыргызстан волюнтаристтик реформалар мезгилинде (1953–1964)** *(1 саат)*

Кыргызстандын коомдук-саясий турмушу. И. Раззаков. Кыргызстандын экономикасы. Өнөр жайынын өнүгүшү. Айыл чарбасындагы өзгөрүүлөр. Бийликти борбордоштуруу саясатынын күчөшү.

***15-сабак:* § 19. Кыргызстан «өнүккөн социализм» мезгилинде (1964–1985)** *(1 саат)*

Коомдук-саясий турмуш. Т. Усубалиев. Кыргыз СССР Жогорку Советинин жана Өкмөтүнүн ишмердүүлүгү. Өнөр жайынын өнүгүшү. Жумушчу табынын абалы.

***16-сабак:* § 20. Айыл чарба өндүрүшү жана айыл-кыштактардын социалдык турмушу** *(1 саат)*

Айыл чарба өндүрүшү. Айыл чарбасындагы ийгиликтер жана кемчиликтер. Айыл-кыштактардын социалдык турмушу. Айыл калкынын материалдык жана маданий деңгээли.

***17-сабак:* § 21–22. «Кайра куруу» жылдарындагы Кыргызстан (1985–1990). Социалдык мамилелердин курчушу** *(1 саат)*

Коомдук-саясий турмушу. А. Масалиев. Айкындуулук саясаты. Коомдук аң-сезимдин ойгонушу. Демократиялык уюмдардын түзүлүшү. Жаңы шайлоолор. Кыргыз тили жөнүндө мыйзамдын кабыл алынышы. КПССтин коомдогу жетекчилик ролунун жоюлушу.

«Кайра куруу» жылдарындагы экономика. Өнөр жайы. Айыл чарбасын рынок мамилелерине өткөрүү аракети. Аракечтик жана масчылыктын кесепети. Баңгилик менен таксикоманиянын (ууланyу ышкысынын) тарашы. Кылмыштуулуктун өсүшү. Ош коогалаңы жана анын сабактары.

***18–19-сабактар:* «Кыргыз мамлекеттүүлүгүн чыңдоонун негизи — мамлекеттик тилди колдонуу жана өнүктүрүү»** темасындагы конференция-сабак *(2 саат)*

***20-сабак:* Кайталоо. Тестирлөө** *(1 саат)*

***21-сабак:* § 23. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында маданияттын өнүгүшү (1920–1930)** *(1 саат)*

Элге билим берүү. Сабатсыздыкты жоюу. Жазуу реформалары. Жогорку окуу жайларынын ачылышы. Кыргыз совет адабияты менен искусствонун өнүгүшү. Кыргыз искусствосу менен адабиятынын Москва шаарында өткөн биринчи декадасы (1939).

***22-сабак:* § 24. Улуу Ата Мекендик согуш учурундагы жана согуштан кийинки мезгилдеги маданият (1941–1964)** *(1 саат)*

Улуу Ата Мекендик согуш жылдарындагы маданият. Эвакуацияланган окумуштуулардын жана искусство ишмерлеринин Кыргызстандын маданий

турмушун өнүктүрүүдөгү ролу. СССР Илимдер академиясынын Кыргыз филиалынын түзүлүшү (1948). Адабият жана искусство фронттун кызматында. Буйрукчул идеологиянын көзөмөлүнүн күчөшү. Билим берүү жана илим. Басма сөз жана адабият. Кыргыз искусствосу менен адабиятынын Москва шаарында өткөн экинчи декадасы (1958).

***23-сабак:* § 25. Маданият өнүгүү жолунда (1964–1990)** *(1 саат)*

Билим берүүдөгү жана илимдеги жетишкендиктер. Адабияттын өнүгүшү. Чыңгыз Айтматов. Кино искусствосунун жетишкендиктери. Театрдын ийгиликтери. Көркөм сүрөт өнөрү. Физкультура жана спорт.

***24–25-сабактар:* «Совет доорундагы кыргыз маданиятынын өнүгүшү»** деген темадагы конференция-сабак *(2 саат)*

## II бөлүм. ЭГЕМЕНДҮҮ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

***26-сабак:* § 26. Эгемендүү Кыргыз Республикасынын жаралышы** *(1 саат)*

СССРдеги бийлик кризиси. Союздук республикалардын көз карандысыздыкка умтулуусу. Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо. А. Акаев. Кыргызстандын мамлекеттик эгемендүүлүгү жөнүндө декларация. Кыргызстандын көз карандысыздыгын жарыялоо. КМШнын түзүлүшү.

***27-сабак:* § 27. Коомдук-саясий турмуштагы өзгөрүүлөр** *(1 саат)*

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик түзүлүшү. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын кабыл алынышы. Кыргыз Республикасынын Президентинин, Парламенттин ишмердүүлүктөрү. Мамлекеттик бийликтин алмашышы. К. Бакиев. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү. Саясий партиялар жана коомдук уюмдар.

***28-сабак:* § 28. Эгемендүү Кыргызстандын экономикалык абалы** *(1 саат)*

Кыргыз Өкмөтүнүн экономикалык саясаты. Менчиктештирүү саясатынын жүрүшү. Агрардык саясат. Жер жана агрардык реформаны ишке ашыруу. Мал чарбасынын жана дыйканчылыктын абалы.

***29-сабак:* § 29. Калктын социалдык турмушу** *(1 саат)*

Калктын социалдык түзүлүшү. Кыргызстандагы демографиялык кырдаал. Эмгек ресурстары жумушсуздук маселеси. Калктын улуттук курамы жана улут саясаты. Социалдык саясаттын негизги багыттары.

***30-сабак:* § 30. Эгемендүү Кыргызстандын руханий турмушу** *(1 саат)*

Билим берүү тармагындагы жаңылануулар. Илимий изилдөө иштеринин өнүгүшү. Тарыхка болгон кызыгуунун жогорулашы. «Манас» эпосунун 1000 жылдыгын жана Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгын белгилөө. Маданий турмуштагы жетишкендиктер.

***31-сабак:* § 31. Кыргыз Республикасынын тышкы саясаты жана эл аралык байланыштары** *(1 саат)*

Саясий байланыштардын өсүшү. Экономикалык жана социалдык чөйрөлөрдөгү байланыштар. Эл аралык терроризмдин таасири. Мамлекеттик чек араны чыңдоо зарылчылыгы.

***32-сабак:* § 32. Чет өлкөлөрдө жашаган кыргыздардын тарыхынан** *(1 саат)*

Алыскы чет өлкөлөрдө жашаган кыргыздар. Кытайлык кыргыздар. Афганстандык кыргыздар. Түркиялык кыргыздар. Жакынкы чет өлкөлөрдөгү кыргыздар. Фергана кыргыздары. Памир кыргыздары. Россиядагы кыргыздар.

***33-сабак:* Жыйынтыктап кайталоо** *(1 саат)*

***34-сабак:* Тестирлөө** *(1 саат)*

**Резервдик сааттар** — 2 саат.

**Автор-түзүүчүлөр:**
***Ө. Ж. Осмонов, А. С. Мырзакматова.***